Токтомамбетова Ж.С., Барпыбаев Т.Р.

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДИН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН БААЛОО ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Токтомамбетова Ж.С., Барпыбаев Т.Р.

# ТЕХНОЛОГИЯ ОЦЕНИВАНИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩЕГО ПРЕПОДАВАТЕЛЯ

Toktomambetova J., Barpybaev T.

# TECHNOLOGY FOR ASSESSING THE PROFESSIONAL COMPETENCE OF A FUTURE TEACHER

УДК: 3.37.02.

Макалада болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүнүн калыптануу деңгээлин комплекстүү баалоо жолун иштеп чыгуу маселеси каралган. Ошондой эле мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү боюнча түшүнүктүн мазмуну менен маңызы аныкталып, аны баалоо жолунун методикалык ыкмалары белгиленген. Мында баалоону жүргүзүү болочоктогу мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгын көз карандысыз баалоону камтыган жана компетенттүүлүк менен интегративдүү ыкмаларды колдонууга негизделген атайын иш-чаралардын негизинде ишке ашыруу мүмкүндүгү каралган. Болочоктогу мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн баалоону ишке ашыруу бүтүрүүчүнүн кесиптик педагогикалык ишмердүүлүгүндө мотивациялык, теориялык жана практикалык даярдыгына көз карандысыз баа берүүнү предметтер аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакты жүргүзүү аркылуу ишке ашырууга боло тургандыгы белгиленген. Ошону менен бирге эле бүтүрүүчүнүн портфолиосу жана аны баалоонун, жалпы педагогикалык окуунун натыйжаларын көрсөтүүдөгү тапшырмалардын, предметтик даярдыктын баалоо критерийлеринин жол-жоболору көрсөтүлүп, талдоого алынган.

Ачкыч сөздөр: компетенция, компетенттүүлүк, кесиптик педагогикалык ишмердүүлүк, даярдык, жөндөмдүүлүк, интегративдик мамиле, компетенттүүлүк мамиле, портфолио, баалоо технологиясы.

В статье рассматривается решение вопросов при комплексном оценивании формированнной профессиональной компетентности будущих преподавателей. А также определены содержания и суть понятия профессиональной компетентности преподавателя, обозначены методические приемы пути оценивания. Оценивание подготовки профессиональной компетентности будущих преподавателей проводятся путем применения интегрированных и компетентностных приемов, дающие возможности независимо оценивать деятельность будущего преподавателя. При оценивание подготовки профессиональной компетентности будущих преподавателей, т.е. выпускника также можно проводит через межпредметную итоговую государственную аттестацию, где конкретно рассматривается мотивационная деятельность, теоретическая и практикаческая подготовленность и его самореализация на компетентностном подходе. А также показаны вывода результатов на основе портфолио и ее оценивания, общие резултаты выполнения заданий в период обучения, критерии оценивания предметной подготовки и анализированы показания ожидаемых результатов выпускников.

Ключевые слова: компетенция, компетентность, профессиональная педагогическая деятельность, подготовка, способность, интегративный подход, компетентностный подход, портфолио, технология оценивания.

The article considers the solution of issues in the comprehensive assessment of the formed professional competence of future teachers. The contents and essence of the concept of professional competence of a teacher are also defined, methodological methods of the assessment path are outlined. The assessment of the training of professional competence of future teachers is carried out through the use of integrated and competence-based techniques, which make it possible to independently evaluate the activities of a future teacher. When evaluating the training of professional competence of future teachers, i.e., a graduate can also be conducted through an interdisciplinary final state certification, which specifically examines motivational activity, theoretical and practical preparedness and his self-realization based on a competence approach. It also shows the output of results based on the portfolio and its assessment, the general results of completing tasks during the study period, criteria for evaluating subject training and analyzed the indications of the expected results of graduates.

Key words: competence, competence, professional pedagogical activity, training, ability, integrative approach, competence approach

Жогорку педагогикалык билим берүүнүн заманбап системасын модернизациялоо болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандырууга өзгөчө көңүл буруу менен байланышкан. Заманбап мугалим өзүнүн предмети боюнча керектүү билимдерге ээ болуу менен бирге инновациялык педагогикалык ишмердүүлүккө катышуу аркылуу окуучулар менен эффективдүү педагогикалык карым-катнашты түзүү жөндөмүнө ээ болушу керек. Болочоктогу мугалим дайым өзүн-өзү өркүндөтүү менен бирге кесипкөй адис болууга умтулушу зарыл. Белгилеп кетишибиз керек, учурдагы билим берүү системасы кандай мугалимдерге муктаж, биздин оюбузча ал:

• түрдүү окуу жана тарбиялоо процесстериндеги кырдаалдарда өз алдынча чечим кабыл ала алган;

• окутуунун жана тарбиялоонун жаңы технологияларын жана идеяларын жөндөй алган;

• билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине ылайык билим берүү процессин моделин түзө жана ишке ашыра алган;

• билим берүү тармагында пайда болгон стандарттуу жана көйгөйлүү кырдаалдарды чече билген кесипкөй, компетенттүү мугалим болушу зарыл.

Ошондуктан жогорудагы муктаждыкты алдын-алуу максатында жогорку курстун студенттери үчүн окуу жылынын башында аларда калыптанган билгичтиктер жана көндүмдөрдүн негизинде кесиптик көйгөйлөрдү чечүүгө жана жыйынтыктоочу аттестациялоого даяр болуусун камсыздаган усулдук иштелмелерди иштеп чыгуу зарылчылыгы бар. Усулдук иштелмелерде болочок мугалимдердин жетишкендик деңгээлин, алардын кесиптик билимге даярдыгын баалоочу критерийлер, алардын түшүндүрмөлөрү камтылат.

Биздин макаланын максаты болуп кесиптик компетенецияларга ээ боло турган келечектеги педагогдорду даярдоодо предметтик аралык жыйынтыктоочу комплекстүү сынактын интеграцияланган бөлүктөрүн иштеп чыгуу эсептелет.

В.А. Сластенин “Мугалимдин компетенттүүлүгүнүн концепциясы» деген эмгегинде педагогикалык ишмердүүлүктүн теориялык жагын жана компетенттүүлүктү айкалыштырган [1]. Эмгекте мугалим кесиптик ишмердүүлүк жаатындагы билимдерге гана ээ болбостон, билим берүү менен тарбиялоонун, инсандык өнүгүүнүн кесиптик маселелерин практикалык негизде чече билүү жөндөмүнө да ээ болууга тийиш экендиги белгиленген.

М.Н. Романов менен А.Ю. Ченкурова, мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү катары «кесиптик ишмердүүлүктү практикалык ишке ашыруу процессинде түшүнүү, талдоо, синтездөө жана болгон теориялык билимдерди колдонуу жөндөмдүүлүгүн» белгилешет [2, 3б.].

В.В. Реутовдун «Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү» түшүнүгүнүн мазмуну кесиптик билимден, жөндөмдөн жана көндүмдөн, кесиптик педагогикалык ишмердүүлүккө даярдыктан тышкары дагы жеке инсандык компонентти да камтыйт [3].

“Структуралык жактан алганда, мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү, педагогикалык ишмердүүлүктүн ар кандай аспектилерин чагылдырган кесиптик ишмердүүлүктүн, жеке жана коммуникативдик компоненттердин курамы катары ар бири жекече көрсөтүлүшү мүмкүн”,- деп белгилешет А.Н. Шевелева менен Е.Г. Ямщикова [4].

Мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн баалоо педагогикалык кадрларды аттестациялоо мезгилинде жүргүзүлөт. Квалификацияны баалоодо көз карандысыздыкты сактоого өзгөчө көңүл бурулат. Жогорку кесиптик билим берүү системасында болочок мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн баалоо үчүн мамлекеттик сынакты кабыл алуучу комиссия тарабынан мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация өткөрүлөт. Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик педагогикалык ишмердүүлүккө карата даярдыгын баалоодо көз карандысыздыкты камсыз кылган мамлекеттик сынакты кабыл алуучу атайын комиссия түзүлөт. Анын мүчөлөрү, анын ичинде төрагасы да, билим берүү мекемелеринен тандалып алынган кесипкөй, тажрыйбалуу инсандардан түзүлөт. Болочоктогу мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн баалоо технологиясын иштеп чыгуунун усулдук иштелмелеринде компетенттүүлүккө негизделген ыкмалар колдонулат.

Ал эми интегративдик мамиле катары болочок мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн, ошондой эле анын кесипке карата инсандын калыптануусун баалоону болжолдойт, б.а. «өзүн-өзү көрсөтүүгө жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы” боюнча практикалык активдүүлүгүн камсыз кылуу каралат. Бул бүтүрүүчүлөрдүн дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу комплекстүү сынактын интеграцияланган бөлүгүндө ишке ашырылат. Мындай интеграцияланган бөлүктө бүтүрүүчүнүн инсандык өнүгүүсүн, компетенциялардын калыптангандыгын, психологиялык жактан даярдыгын, окуу ишмердүүлүгүндөгү санариптик технологияларды колдонуусун, предметтик билимдерин изилдөөгө байланышкан дисциплиналардын топтомун түзгөн педагогикалык багытта каралат. Бул дисциплиналар бүтүрүүчүлөрдүн жөндөмдүүлүктөрүнө байланыштуу компетенттүүлүктөрдү өнүктүрүүгө багытталган,

мисалы, 550700 “Педагогика” багытынын жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында каралган компетенцияларга токтолуп өтөлү:

• окутуунун заманбап, илимий негизделген технологиялары боюнча окуучулардын керектөөлөрүнө, жетишкендиктерине ылайык билим берүү процессин пландоого жана ишке ашырууга жөндөмдүү(жетекчи алдында) (ЖИК-2);

• кесиптик маселелерди чечүүдө математикалык / табигый / гуманитардык/ экономикалык илимдердин базалык жоболорун пайдалана билүүгө жөндөмдүү (ЖИК-3);

• компьютерде иштөө тажрыйбасы, негизги ыкмаларды билүүсү маалыматты сактоо жана кайра иштетүүсү (ИК-1);

• жаңы кырдаалды жана алардын кесепеттерин баалоого жөндөмдүү, аларга ылайыкташа алат (ИК-5);

• кесиптик маселелерди чечүү үчүн психологиялык жана педагогикалык компетенттүүлүгүн пайдаланууга даяр жана кесиптик иш-педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдоно алат (КК -1);

• усулдук маселелерди чечүү ыкмаларына (окутуу моделдерин, методдорун, технологияларын жана ыкмаларын) ээ жана окутуунун сапатын баалоонун технологияларын колдонууга жөндөмдүү (КК -2);

• туруктуу өнүгүү үчүн инсанга багытталган билим берүү принциптерине ылайык билим берүү процессинин оптималдуу педагогикалык шарттарын түзүүгө жөндөмдүү; (жашоонун сергек мүнөзү, жаратылышты коргоо жана жаратылышты сарамжалдуу пайдалануу, энергоэффективдүүлүк, маданий көп түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж. б.) (КК -3);

• окугандарды социалдаштыруу ыкмаларына ээ жана окуучулардын өзүн-өзү аныктоо үчүн шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (КК -4);

• билим берүү программаларын жана өз алдынча тандай алат жана аларга дидактикалык материалдарды педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессинде көнгөндөн кийин пайдалана алат (КК -5);

• программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жана илимий планга ылайык предмет (предметтер) боюнча окуу сабактарын пландаштырууга жөндөмдүү (КК -6);

• интерактивдүү формаларды жана окутуу методдорун, анын ичинде тилди колдонуу менен педагогикалык ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга жөндөмдүү (CLIL) (КК -8);

• окуу-тарбиялоо процессинин сапатын камсыз кылуу үчүн окуп жаткандардын жетишкендиктерин диагностикалоо боюнча заманбап методдорду жана технологияларды колдонууга даяр (КК -10);

• ата-энелер, кесиптештер, социалдык өнөктөштөр менен өз ара мамиле курууга даяр (КК-11);

• балдардын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн жана өзгөчө билим берүү муктаждыктарын эске алуу менен алар менен өз ара аракеттенүүгө даяр(КК-12);

• ар кандай жолдор менен окуучулардын окуу жана социалдык жетишкендиктерин баалай алат (КК-13);

• окуучулар менен жемиштүү кайтарым байланыш түзө алат (КК -14);

• өзүнүн келечектеги кесибинин социалдык маанилүүлүгүн түшүнөт, кесиптик ишмердүүлүгүн жүргүзүү жөндөмдүүлүгүнө ээ (КК -16);

• ар түрдүү маалымат булактарын сарамжалдуу пайдаланып (китептер, журналдар, массалык маалымат каражаттары, интернет ресурстары), билим алуучуларды теманын үстүндө өз алдынча иштөөгө үйрөтүүгө жөндөмдүү (КК -17);

• окутууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучуларды интеграциялай алат (өзгөчө билим берүү муктаждыктагы балдар) (КК -18);

Мында дагы саны 5тен ашык эмес аталыштагы кошумча атайын кесиптик компетенцияны жогорку окуу жайы өз алдынча аныктап, кошумчалай алат. Кошумча компетенциялардын тизмелери улуттук квалификациялык алкактын, кесиптик стандарттын жана тармактык базанын негизинде аныкталат [5].

Дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынак бүтүрүүчүнүн атайын педагогикалык билим алууга мотивациялык, теориялык жана практикалык даярдыгынын деңгээлине көз карандысыз баа берүү болуп саналат. Ошондуктан аны өткөрүү үчүн билим берүү ишмердүүлүгү чөйрөсүндөгү иш берүүчүлөрдүн (профилдик уюмдардын) өкүлдөрү, кесипкөй жана тажрыйбалуу адистер жана кафедранын адистик дисциплиналарынын профессордук-окутуучулук курамы тартылган. Дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынак төмөнкү милдеттерди чечүүгө багытталган:

- бүтүрүүчүнүн болочоктогу кесипке ээ болуусуна мотивациялык даярдыгынын деңгээлин аныктоо;
- бүтүрүүчүнүн жалпы педагогикалык даярдыгынын натыйжаларынын деңгээлин баалоо;

- бүтүрүүчүнүн дисциплиналарды өздөштүрүү боюнча даярдыгынын деңгээлин баалоо;
- ишмердүүлүктүн негизги түрлөрү боюнча жеке жетишкендиктерди баалоо (окуу, илимий, долбоордук, социалдык ж.б.).

Биздин оюбуз боюнча аны ишке ашыруу үчүн төмөнкү формаларды колдонууга сунуштайт элек:
- бүтүрүүчүнүн жетишкендиктерин көрсөтүү (портфолио);
- жалпы педагогикалык окуунун жыйынтыгын көрсөтүү (класстан тышкаркы иштерди көрсөтүү);
- предметтик даярдыгын көрсөтүү (окуу профилине ылайык келген мектеп предметтери боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакты тапшыруу).

Бүтүрүүчүнүн жетишкендиктери (портфолиосу) 1-таблицада берилген.

Демек, портфолио бүтүрүүчүнүн жетишкендиктерин окутуунун аныкталган мезгилине чейин баалого мүмкүндүк берет. Портфолионун жардамында бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендик деңгээли, анын чыгармачылык, өз алдынча изилдөө иштерин жүргүзүү жөндөмү, окуудагы жетишкендиктери, жекече өзгөчөлүктөрүнүн өзгөрүү динамикасы бааланат. Портфолио негизинен процесс катары да, натыйжа катары да каралат. Процесс катары айрым изилдөөчүлөр портфолиону өнүгүү термининде түзүү деп түшүнүшөт, башкача айтканда, жөнөкөй чечимден когнитивдүү комплекске карата болгон кыймыл аракеттер чагылдырылат. Натыйжа катары ал, көйгөйдү тереңирээк жана кеңири түшүнүүнү күбөлөйт. Ал бүтүрүүчүнүн окууга болгон жоопкерчилик деңгээлин чагылдырат, өзүн-өзү баалону өнүктүрүүнү шарттайт [6].

Жалпы педагогикалык окуунун натыйжаларын көрсөтүүдө бүтүрүүчү төмөнкү тапшырмаларды аткарышы керек:

| Ишмердүүлүктүн түрү | Натыйжасы |
|---|---|
| Билим алуу мезгилиндеги (окуудагы) жетишкендиктери | Модулдарды убагында тапшыруусу, дисциплиналардын сынактарын өз мөөнөтүндө “жакшы”, “эң жакшы” бааларга тапшыруусу; |
| Изилдөө жана долбоорлоо иштери | Институттун, областык жана республикалык, чет өлкөлүк илимий семинарларга, тренингдерге, конференцияларга катышуусу жана жетишкендиктери |
| Жеке жана кесиптик өнүгүү | Академиялык мобилдүүлүктүн алкагында кесиптик өркүндөтүүгө жетишүү, түрдүү социалдык-маданий семинарларга, тренингдерге, диспуттарга жана тегерек столдорго активдүү катышуусу;<br>Предметтер аралык олимпиадаларга катышуусу жана жетишкендиктери |
| Коомдук жана спорттук иш-чаралар | Жергиликтүү, областык, республикалык деңгээлдердеги коомдук жана спорттук иш-чараларга активдүү катышуусу жана жетишкендиктери |
| Маданий жана чыгармачылык | Маданий жана чыгармачылыкты өнүктүрүүгө арналган түрдүү конкурстарга активдүү катышуусу жана жетишкендиктери |

1. Класстан тышкаркы ишти долбоорлоо боюнча:
- талаптарга ылайык тандалган тема боюнча класстан тышкаркы иштин сценарийин иштеп чыгуу жана ага ылайык окуучулардын жашын (классты) көрсөтүү;

- жазуу жүзүндө сабактын сценарийин даярдоо.

Ал мамлекеттик комиссиясынын кафедра тарабынан дайындалган мүчөлөрүнүн кароосуна сынак башталганга чейин беш жумушчу күн калганда берилет.

2. Класстан тышкаркы иштерди көргөзүү боюнча:

- сабактын тандалган темасына ылайык материалды тандап алуу жана колдонуу жөндөмүн көрсөтүү;

-тандалган темага ылайыктуу класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун жолдорун көрсөтүү;

-окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу жана алар менен педагогикалык өз ара аракеттенүүнүн ыкмаларын көрсөтүү;

- класстан тышкаркы иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү үчүн маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдоно билүү боюнча өз чеберчилигин көрсөтүү.

Ал эми предметтик даярдыгын көрсөтүү үчүн бүтүрүүчү багытка тиешелүү мамлекеттик аттестациялоонун программасына кирген дисциплиналардын топтомунан турган жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакты тапшырышы керек, мисалы, AVN-автоматташтырылган системада тести тапшыруу аркылуу.

Дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын милдеттерин жана аны ишке ашыруунун формаларын аныктап алгандан кийин баалоонун төмөндөгүдөй жолун сунуштайбыз. Дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын ар бир этабынын жыйынтыгы 0дөн 100гө чейин баалануу менен жыйынтыктоочу баасы («эң жакшы», «жакшы», «канааттандырарлык» жана «канааттандырарлык эмес») аныкталат. Бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктерин баалоо (портфолио боюнча) 2-таблица.

2-таблица

Бүтүрүүчүлөрдүн жетишкендиктерин баалоо (портфолио боюнча)

| № | Ишмедүүлүктүн түрү | Баллдар |
|---|---|---|
| 1. | Билим алуу мезгили (окуу) | 100 балл (аралык аттестациянын бардык жыйынтыктары “эң жакшы”);<br>80 балл (аралык аттестациянын бардык жыйынтыктары “эң жакшы” жана/же “жакшы”);<br>70 балл (аралык аттестациянын жыйынтыгында бир баа “канааттандырарлык”);<br>60 балл ( башка учурларда) |
| 2. | Илимий-изилдөө жана долбоорлоо иштер | 100 балл (жок дегенде бир жеңиш жана/же жок дегенде бир УАК макаласы, жана жок дегенде бир билим берүү долбоору);<br>80балл (жок дегенде бир жеңиш жана/же бир РИНЦмакаласы жана жок дегенде бир билим берүү долбоору);<br>70 балл ( жок дегенде бир катышуу жана/же жок дегенде бир басылма, жана жок дегенде бир билим берүү долбоору);<br>60 балл (жок дегенде бир катышуу, же жок дегенде бир басылма, же жок дегенде бир билим берүү долбоору). Эгер дал келбесе жогоруда, андан кийин 0 упай |
| 3. | Жеке жана кесиптик өнүгүү | - 100 балл (билим берүү уюмдарындагы кесиптик ишмердүүлүк жана/же предметтик олимпиадаларда бирден кем эмес жеңиш);<br>- 80 балл (предметтик олимпиадаларда бирден кем эмес жеңиш жана/же билим берүү уюмдары менен биргеликте өткөрүлгөн бирден кем эмес иш-чарага |

| | | |
|---|---|---|
| | | катышуу);<br>- 70 балл (катышуусу бирден кем эмес предметтик олимпиадага жана/же билим берүү уюмдары менен биргеликте өткөрүлүүчү бирден кем эмес иш-чарага катышуу);<br>- 60 балл (билим берүү уюмдары менен бирге өткөрүлгөн жок дегенде бир иш-чарага катышуу).<br>Эгерде жогоруда айтылгандарга дал келбесе, анда 0 балл. |
| 4. | Коомдук жана спорттук иш-чаралар, маданий-чыгармачылык ишмердүүлүк | - 100 балл (иш-аракеттин бардык төрт түрү боюнча жетишкендиктер);<br>- 80 балл (иштин үч түрү боюнча жетишкендиктер);<br>- 70 балл (иштин эки түрү боюнча жетишкендиктер);<br>- 60 балл (иштин бир түрү боюнча жетишкендиктер)<br>Эгерде жогоруда айтылгандарга дал келбесе, анда 0 балл. |

Портфолиодогу жетишкендиктерди көрсөтүү үчүн жыйынтыктоочу упайлар төмөнкү формула боюнча аныкталат: П = 0,3балл БА + 0,3балл ИИД + 0,3балл ЖКӨ + 0,1балл КСМЧИ.

Мында, П-портфолиодогу жетишкендиктерди көрсөтүү үчүн жыйынтыктоочу упайлар, БА - билим алуу мезгилиндеги (окуу) упайлар, ИИД - илимий-изилдөө жана долбоордук иш-чаралар үчүн упайлар, ЖКӨ - жеке жана кесиптик өнүгүү үчүн упайлар, КСМЧИ - коомдук жана спорттук иш-чаралар, маданий-чыгармачылык ишмердүүлүк үчүн упайлар.

Жалпы педагогикалык камсыздоонун натыйжаларын көрсөтүүнү баалоо (класстан тышкаркы иштерди долбоорлоо жана көрсөтүү (презентациясы)) методикалык сабаттуулугу (60 балл), психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүгү (30 балл), өздөштүрүүсү (10 балл) боюнча жүргүзүлөт. Бул комплекстүү сынактын максималдуу баллы 100 балл, минималдуусу 60 балл.

Предметтик даярдыктын баалоо критерийлери, анын ичинде баллдардын саны багыттын тиешелүү программасына камтылган дисциплиналар боюнча өткөрүүлөт. Предметтик даярдыкты көрсөтүү үчүн жыйынтык баллдар төмөнкү формага ылайык аныкталат $Б_{ПД}$ = 0,1балл Ж + 0,1балл КТ + 0,8балл AVN

Мында, $Б_{ПД}$ – предметтик даярдыктын жыйынтык баллы, Ж - студенттин жетишкендиктерин көрсөтүү баллы (портфолио), КТ - жалпы педагогикалык окуунун натыйжаларын көрсөтүү баллы (класстан тышкаркы иш-чаранын презентациясы), AVN - автоматташтырылган системасындагы сынактан өтүү үчүн тестин баллы.

Предметтер аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын жыйынтык баллдарды баа чендерине которуу төмөнкүдөй жүргүзүлөт, 100 баллдык система боюнча баллдардын суммасы:

90-100 балл - «эң жакшы»; 75-89 балл - “жакшы”; 60-74 балл – “канааттандыраарлык”; 1-59 балл - “канааттандыраарлык эмес”.

Ошентип, мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү заманбап билим берүү системасында сапаттык кайра түзүүлөрдүн зарыл шарты болуп саналат, ошондуктан студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу жогорку педагогикалык билим берүүнүн негизги милдети болуп калат.

Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү кесиптик маселелерди чечүүгө теориялык да, практикалык да, даярдыгын комплекстүү интеграциялык бөлүк катары аныктоого болот. Мында баалоону жүргүзүү болочоктогу мугалимдердин кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгын көз карандысыз баалоону камтыган жана компетенттүүлүк менен интегративдүү ыкмаларды колдонууга негизделген атайын иш-чаралардын негизинде ишке ашырууга мүмкүн болот. Болочоктогу мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн баалоону ишке ашыруу бүтүрүүчүнүн кесиптик педагогикалык ишмердүүлүгүндө мотивациялык, теориялык жана практикалык даярдыгына көз карандысыз баа берүүнү предметтер аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакты жүргүзүү аркылуу ишке ашырууга болот.

Предметтер аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынакты жүрүшүндө бүтүрүүчүнүн болочоктогу

кесипке болгон мотивациялык даярдыгынын деңгээли, анын жалпы педагогикалык жана предметтик даярдыгынын натыйжалары аныкталып, педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизги түрлөрү боюнча жеке жетишкендиктери бааланат.

Ошондой эле предметтер аралык жыйынтыктоочу мамлекеттик сынактын жүрүшүндө потенциалдуу иш берүүчүлөргө (кесиптик базалык мекемелерге) бүтүрүүчүлөрдүн арасынан тандоо аркылуу келечектеги адистерге болгон тартыштыкты жоюу мүмкүнчүлүгү түзүлөт.

Адабияттар:

1. Сластенин В.А., Подымова Л.С. Педагогика: нес. М.: ИЧП «Магистр басмасы», 1997.
2. Романова М.Н., Черкунова А.Ю. Мугалим. Меридиан. -2019. -№ 3 (21).
3. Реутова В.В. Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн структурасына теориялык мамиле // Илим дүйнөсү. дагогика жана психология түшүнүү. -2017. -№ 1.
4. Шевелев А.Н., Ямщикова Е.Г. Кесипкөй заманбап мугалим: теориялык ыкмалар. Билим берүү. -2011. -№ 4(136).
5. 550700 “Педагогика” багыты боюнча ЖКББ МББС (КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 29-сентябрындагы №1578/1 буйругу менен бекитилген), 9-11-б.
6. Барпыбаев Т.Р., Токтомамбетова Ж.С. Педагогикалык баалоодогу портфолионун мааниси жана орду. ИТЭИ “Образование, наука и инновации”. –Б.: -№6.-2023. 27-33 б.